Тиркеме № 1

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматтын 2023-жылдын 6 айында аткарган иштери тууралуу маалымат**

Ветеринардык кызматы 2023-жылдын 1-жарым жылдыгында төмөндөгүдөй иштерди аткарды. Алсак,

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматынын 2023-жылга бекитилген бюджети 548130,6 мин сомду түздү, такталган бюджет 682 130,6 мин сомду түздү, анын ичинен 381938,4 мин сому каржыланды, же бюджеттин аткарылышы 69,7% түздү.

*Укуктук – ченемдик актылары боюнча.*

Белгиленген тапшырмаларды аткаруу, ветеринардык-санитардык системаны жакшыртуу максатында төмөндөгүдөй укуктук ченемдик актылары боюнча иштер жүргүзүлдү:

1. “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын стандарттарын бекитүү жөнүндө” 2014-жылдын 3-июндагы № 303” токтомунун долбоору Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 2023-жылдын 6-июнундагы №223-НИ буйругу менен бекитилген жана Юстиция министрлиги тарабынан Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилди.

2. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматтынын мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн Административдик регламенти КР Айыл чарба министрлигинин 2023-жылдын 27-июнундагы № 248-НИ буйругу менен бекитилди.

3. “Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө” кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты.

Мыйзам долбоорунда 222 жана 270-беренелерге ветеринардык-санитардык талаптарды, ветеринардык мыйзамдардын эрежелерин жана ченемдерин бузуу бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле колдонуудагы Кодексти жаңы түзүмдүк элементтер менен, б.а. жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жаатындагы жана аквакультура, балык уулоо жана суу биоресурстарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти караган 222-1 жана 222-2-беренелер менен толуктоо сунуш кылынат. Учурда долбоор КР Жогорку Кеңешинин укук коргоо комитетинин биринчи окуусунан өттү.

4. 2017-жылдын 24-августундагы № 528 жана 2028-жылдын 25-декабрындагы № 614 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ветеринария жаатындагы айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору иштелип чыгып, учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын ЕАЭС бөлүмүнүн кортундусунун үстүнөн иштелүүдө.

5. Ветеринария жана жаныбарларды идентификациялоо жаатындагы КР Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө КР Министрлер Кабинетинин чечиминин долбоорун иштелип чыгып, учурда КР Президентинин Администрациясынын кароосунан өтүп жатат.

6. КР Өкмөтүнүн "КР ветеринария маселелери боюнча чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Министрлер Кабинетинин чечиминин долбоорун иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна киргизилген.

7. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Жаныбарлардын ылаңдарын алдын алуу боюнча лабораториялык сыноолорду камсыздоо, ошондой эле, контролдонуучу көрсөткүчтөрдүн аныктамалары боюнча тамак-аш азыктарынын коопсуздугун контролдоону камсыз кылуу үчүн кошумча финансылык каражаттарды бөлүп берүү жөнүндө" тескеменин доолбору, КР Президентинин Администрациясынын кароосунда турат.

8. "Эпизоотиялык бейпилдикти жана ветеринардык-санитардык коопсуздукту камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору, азыркы учурда КР Президентинин Администрациясынын кароосуна жиберилди.

9. 2007-жылдын 19-ноябрындагы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чекарасында эл аралык автомобилдик, аба жана темир жол катнашы үчүн арналган өткөрүү пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдорундагы ички стационардык посттордун иштерин тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө" № 556 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү туралуу" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору, учурда КР Президентинин Администрациясынын кароосунда турат.

*Жаныбарларды идентификациялоо*

2023-жылдын I – жарым жылдыгында республика боюнча "ЖИКС" маалыматтык тутумунда 2 169 709 баш ири мүйүздүү мал активдүү (тирүү) статусунда турат, анын ичинен 2023-жылдын I – жарым жылдыгында - 343 082 баш идентификациядан өтүп, базага каттоого алынды.

ЖИКС маалыматтык тутумунда ири мүйүздүү малдардын кыймылы боюнча сатылып чыгышталган ири мүйүздүү малдын саны 122,7 миң баш малды түзсө, анын ичинен болгону сатылып келип катталган малдын саны 49,0 миң баш, союулган, өлгөн малдын саны болгону 96,4 миң башты түздү.

Чочколорду идентификациялоо боюнча республикада 8 443 баш чочко баласы "ЖИКС" маалыматтык тутумунда активдүү (тирүү) статусунда. Анын ичинен 2023- жылдын I – жарым жылдыгында болгону 2 438 баш идентификациядан өтүп, каттоого алынды. Союулган, өлгөн малдын саны болгону 4,9 миң башты түздү.

2021-жылдын I - февралынан тартып республика боюнча жылкыларды идентификациялоо (чип тагуу) иш-чаралары башталган. 2023-жылдын I – жарым жылдын жыйынтыгында ЖИКС маалыматтык тутумуна 554,2 миң баш жылкы идентификациядан өтүп, же болбосо пландалган жылкылардын саны 101 % аткарылды. Союулган, өлгөн жылкылардын саны ЖИКС маалыматтык тутумунда 13,6 миң башты түзүп жатат.

Үй канаттуулар, балык жана аары бал челектерди идентификациялоо боюнча 2023-жылдын I – жарым жылдыгына карата 42 үй канаттуулар чарбасы идентификациядан өткөрүлүп, ЖИКСге киргизилди. Ал эми 460923 жеке үй чарбаларда 3556693 баш үй канаттуулар учетко алынды.

Аары бал челектерди идентификациядан өткөрүү иш-чаралары боюнча 1282 чарбада 83757 аары бал челектер идентификациядан өткөрүлүп, 77 537 аары бал челектер (92 %) ЖИКСге киргизилди.

Балык чарбаларды идентификациялоодо 376 чарбада 1585 көлмөлөр, водоемдор идентификациядан өткөрүлүп, 1558 көлмө же болбосо 98 % ЖИКСге киргизилди.

2023 – жылдын 6 – мартында Ветеринардык кызматтын “Республика боюнча кой-эчкилерди идентификациялоо жөнүндө” № 60 буйругу чыгарылып, Араван, Кемин, Түп райондору пилоттук райондор катары аныкталды. Бүгүнкү күндө пилоттук райондордо жалпы майда мүйүздүү малдын саны - 304667 башты түзүп, 90920 башы идентификациядан өттү, анын ичинен - 46,1 баш майда мүйүздүү малдар ЖИКС маалыматтык тутумуна катталды.

2023-жылдын I–жарым жылдыгында “Кыргыз Республикасында жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө үчүн комплекстүү акылдуу системасын түзүү аркылуу жаныбарлардан алынган азыктардын коопсуздугун жогорулатуу” долбоорун ишке ашыруу максатында Корея Республикасынын долбоорду башкаруу эксперттери иш сапарга келип, Чуй облусундагы мал союучу жайлар, жаныбарлардан алынган азыктарды өндүрүү, даярдоо, кайра иштетүү ишканалар, базарлар менен таанышып, изилдөө иш-чаралары жүргүзүлүп, алдыда аткаруучу иштер талкууланды.

Ошондой эле, жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо боюнча эт азыктардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн изилдөө протоколундагы QR – коддогу малдын идентификациялык номери, түрү, туулган күнү, клиникалык абалы, кайсы жерде жана качан союлганы, изилдөө протоколдун жыйынтыгы жана документтердин берилген күнү боюнча өзүнө камтып турган маалыматтарды ар бир жаран билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Учурда жаныбарларды идентификациялоо иш-чаралары үзгүлтүксүз жүргүзүлүп жатат.

*Ветеринардык көзөмөлдөө иштери*

Ветеринардык кызматы ЕАЭБдин ишканаларынын Реестрине Кыргыз Республикасынан жаңы ишканаларды киргизүү боюнча туруктуу иш алып барды. Алсак, Кыргыз Республикасынын сүт азыктарынын экспорттук потенциалын жогорулатуу максатында «Ак-Сут» ААК; «Шоро» ЖАК; «Ала-Тоо-Сут» ДФК; «Артезиан» ЖЧК; «Алайку Органике» ЖЧК; «Умут и Ко» ЖЧК; "Обид Файз" ЖЧК; "Бишкек-сут" ААК; "Ак-Жалга" ЖАК; "Кант Сут" ЖЧК; "Талас Сут" ЖЧК; "Сут Булак" ишканалары Өзбекстан Республикасынын Реестринен каттоодон өттү жана продукцияларын экспорттоого жол ачылды.

Мындан тышкары дагы 4 сүттү кайра иштетүүчү ишканалар каттого документери даярдалып жатат («Компания Мол Продукт» ЖЧК; «Урсус» ЖЧК; «Жайыл Милк» ЖЧК; «Балыкчы Сут» ЖЧК) жалпы Өзбек Республикасынын реестрине биздин 36 ишкана киргизилген.

Сүт продукциясын (кургак сүтү)экспорттоо боюнча 2019-жылдын 13-июнунда Кытай Эл Республикасынын Башкы бажы башкармалыгы менен болгон сүйлөшүүлөрдүн негизинде, Протокол түзүлүп 13 сүттү кайра иштетүүчү ишканалар Кытай Эл Республикасынын Реестрине катталган («Ак-Сут» ААК; «Урсус» ЖЧК; «Ак-Жалга» ЖАК; «Сут Булак» ЖАК; «Шин-Лайн» ЖЧК; «Эмилия» ЖЧК; «Талас Даамы» ЖЧК; «Арашан» ААК; «Ат-Башы-Сут» ЖЧК; «Клименко Д.А» ЖИ; «Ак-Булак плюс» ЖЧК; «Клевцов А.В» ЖИ; «Май-Булак Каракол» ЖЧК).

Россельхознадзордон 2023-жылдын 10-15-апрелинде 5 сүт иштетүүчү ишкананы текшерип («Умут и Ко» ЖЧК, «Ак-Сут»ЖАК, «Арашан» ЖАК, «Ак-Булак Плюс» ЖЧК, «Ала-Тоо-Сут» АЧК) кемчилдиктер белгиленген, бүгүнкү күндө көрсөтүлгөн кемчиликтер жоюулуп, 5 ишкананын документтери Россельхознадзордун дарегине жөнөтүлдү.

Мындан тышкары Россельхознадзорго ЖАК "Ак Жалга" жана ЖЧК "Жайыл Милк" сүт иштетүүчү ишканалары боюнча анкеталарын толтуруп кошумча жөнөтөтүлгөн, ЖАК "Ак Жалга" бүгүнкү күндө 20 тонна сырды экспорттоду.

Балык чарбалары боюнча кемчиликтер жоюулуп «Аква Пром» ЖЧК жана «Тянь-Шань-Фиш» ЖЧК балыкты кайра иштетүүчү ишканаларынын тиешелүү документери жөнөтүлгөн жана Россельхознадзор тарабынан онлайн текшерүү жүргүзүлдү.

2023-жылдын 28-апрелинен баштап жогоруда көрсөтүлгөн эки балыкты кайра иштетүүчү ишканаларга Россия Федерациясынын аймагына күчөтүлгөн лабораториялык көзөмөл аркылуу экспортогонго уруксат берген.

Бүгүнкү күндө 1009,212 кг. ашык балык азыктары Россия Федерациясына экспорттолду. Ошондой эле «Нурагрорыбпром» ЖЧК жана «Дары природы» ДФЧ ишканаларына 2023-жылдын май айында онлайн текшерүү жүргүзүлдү жана документери толук жөнөтүлдү.

«Аквасервис» ЖЧК жана «Акылман» ЖЧК документери Россельхознадзордун дарегине жөнөтүлгөн, бирок жогорудагы ишканалардын кемчиликтер жоюлган соң, кийин онлайн текшерүүнүн күнүн аныктоону маалымдашты.

Россельхознадзордун 2023-жылдын 7-апрелиндеги №ФС-АРт-7/5108-1 катында «Адал-Азык» ЖЧК колбасасында чочконун ДНКсы жана Соя чыкты күчөтүлгөн лабораториялык көзөмөлгө коюлду деп маалымдашкан.

Ветеринардык кызматы тарабынан Россельхознадзорго «Адал-Азык» ЖЧКнын статусу ЕАЭБдин Реестринде күчөтүлгөн лабораториялык көзөмөлгө коюлгандыгын 2023-жылдын 10-апрелинде №03-1-6/1976 каты менен билдирилген.

Кыргыз Республикасынын, Казак Республикасынын жана Россия Федерациясынын акредитацияланган лабораторияларына «Адал-Азык» ЖЧК колбаса азыктарынан жана азык кошулмаларынан 60 үлгү текшерилип, жыйынтыгында үлгүлөрдөн чочконун ДНКсы аныкталган эмес.

Учурда «Адал-Азык» ЖЧК өзүнүн колбаса азыктарын Россия Федерациясына күчөтүлгөн лабораториялык көзөмөл аркылуу экспорттоодо.

*Мал базар*

Кыргыз Республикасы боюнча 45 мал базар ишмердүүлүгүн жүргүзөт, 2023-жылы мониторинг жүрүшүндө анын ичинен 22 мал базар

ветеринардык-санитардык талапка жооп берген жана 23 мал базарга кемчиликтерди жоюу боюнча көрсөтмөлөр берилди.

Бүгүнкү күндө Республика боюнча 38 мал базарга видео байкоо орнотулган, анын ичинен 16 мал базарда, видео байкоо системасы адамдарды жүзүнөн таануу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Райондук мамлекеттик администрация башчыларына, айыл өкмөттөргө жана мал базардын ээлерине, райондук ветеринардык башкармалыктар тарабынан ветеринардык-санитардык талаптарга жооп бербегендиги тууралуу билдирүүлөр, көрсөтмөлөр берилип турду. Алсак, Баткен облусу боюнча 8 мал базар ишмердүлүгүн жургүзүп келет анын ичинен 2 мал базарга көрсөтмө берилди, Жалал-Абад облусу - 11 мал базардын 8 мал базарга, Ош облусу - 9 мал базардын 1 мал базарга, Чүй облусу - 8 мал базардын баардыгына, Нарын облусу - 4 мал базардын 3нө, Ысык-Көл облусу - 2 мал базардын 1 мал базарга, көрсөтмөлөр берилди.

*Мал союучу жай*

Ветеринардык кызматтын бирдиктүү реестринде 97 мал союучу жай катталган. Учурда алардын 68 иштеп жатат. 10 мал союучу жай ЕАЭБ ишканаларынын бирдиктүү реестрине киргизилген, ЕАЭБдин ветеринардык-санитардык талаптарына жана техникалык регламенттерине толук жооп берет.

*Ветеринардык аптека*

ЖИКС маалымат системасы аркылуу ветеринардык дары-дармектердин кыймылын жана колдонулушун көзөмөлдөө боюнча иштери пилоттук долбоор катары Баткен, Ноокен, Талас, Нарын райондорунда, Бишкек, Ош, Каракол шаарларында өттү.

Кыргыз Республикасынын аймагында 244 ветеринардык дарыкана бар, Ветеринардык кызматтын бирдиктүү реестринде 145 ветеринардык дарыкана катталган.

*Ишканалардын реестри*

Бүгүнкү күндө 271 ишкана Евразиялык экономикалык биримдиктин Бирдиктүү реестрине киргизилди: сүт азыктарын өндүрүү – 37, бал өндүрүү жана сатуу – 56, балык өстүрүү, кайра иштетүү – 37, эт азыктарын өндүрүү – 28, улуттук сүт азыктарын өндүрүү – 6, мал союучу ишканалар – 10, тирүү малды өстүрүү, көбөйтүү жана сатуу – 29, канаттууларды кайра иштетүүчү ишканалар -6, жаныбарлар үчүн тоют өндүрүү – 21, жаныбарлардан алынган азыктарды сактоо жана сатуу – 55, жаныбарлардан алынган сырьелорду кайра иштетүү (ичеги, жүн, тери) – 17, ветеринардык препараттарды сактоо жана сатуу – 1.

*Чет өлкөлөрдүн реестрине төмөнкүлөр кирген:*

- Кытай Эл Республикасында (КНР) 8 балчылык жана 13 сүттү кайра иштетүүчү ишканалар.
- Бириккен Араб Эмираттары - 2 мал союучу жай.
- Өзбекстан Республикасы - 36 ишкана.

*Ишкердик субъекттерин текшерүү. (6 айдын жыйынтыгы чыга электигине байланыштуу, 1-кв. жыйынтыгы берилди)* 2023-жылдын 1-кварталында
12 пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүлүп, 6 мыйзам бузуулар аныкталып, 32500 сом айып салынган. 641 пландуу текшерүү жүргүзүлүп, 295 көрсөтмөлөр берилген, 219500 сом айып салынган.

*Убактылуу чектөөлөр боюнча*

2023-жылдын 4-апрелинде Казакстан Республикасынан (Чыгыш-Казакстан облусу) кой-эчки, кой-эчкинин эти, сырьесу, өсүмдүк тектүү тоютуна убактылуу чектөөлөр кмргизилди.

*Экспорт-импорт.*

Республиканын аймагында жалпысынан 33 ветеринардык көзөмөлдөө пункттары иштейт, анын ичинде: 17 пункт мамлекеттик чек арада, 3 пункт ички унаа жолдорунда, 6 пункт убактылуу сактоочу жайларында, 5 пункт темир жол станцияларында жана 2 пункт эл аралык аэропорттордо.

2023-жылдын 6 айында экспорт-импорттун позициялары төмөндөгүдөй болду:

*Экспорт.* Бодо мал – 4803 баш, кой-эчки – 53301 баш, жылкы – 3156, сүт азыктары – 34975,2 тн, колбаса азыктары – 473,8 тн, балык азыктары – 1889,3 тн, бодо малдын териси – 368120 даана, бал 269 тн. Экспорттоонун багыты –ЕАЭБге жана үчүнчү өлкөлөргө.

*Импорт.* Бодо мал – 5170 баш, кой-эчки – 1054 баш, жылкы – 2533 баш, балык жана балык азыктары 3742,6 тн, тоок эти 29831,1 тн, жумуртка 85913620 даана, сүт азыктары 6608,4 тн, бодо малдын териси 73400 даана, канаттуулар жана жаныбарлар үчүн жем 23177,2 тн. жана балыктар үчүн жем 12004 тн. импорттолгон.

Чек ара ветеринардык көзөмөлдөө пункттарында 2023-жылдын 6 айында импорттоодо 32 мыйзам бузуу фактылары катталып, артка кайтаруу актылары түзүлгөн. Анын ичинде: Казахстанга – 22, Өзбекстанга – 9 жана Кытайга - 1 артка кайтаруу актысы.

*Эпизоотиялык абал*

2023 – жылдын 6 айда республика боюнча ветеринардык-санитардык, профилактикалык, эпизоотикага каршы иш-чаралар жалпы **14563,4** миң баш малга жүргүзүлдү, анын ичинен диагностикалык изилдөөлөр (жана башка изилдөөлөр) **723,5 миң** башка, алдын ала эмдөөлөр **13403,9** миң башка, дегельминтизация **435,9** миң баш же болбосо 2023-жылдын 6 айына бекитилген план боюнча 118**%** аткарылды,

2023 – жылдын 6 айында республиканын аймагында **63** жугуштуу ыландын очогу катталган, алар: кутурма ыланы–17, ИММ сибирь жарасы – 1, пастереллезу – 1, бруцеллезу – 2, жылкылардын пастереллезу – 1, кээңги ылаңы – 14, кой-эчкилердин сальмонеллезу – 1, брадзоту – 6, листериозу – 4, пастереллезу – 9, бруцеллезу – 4, хламидиоз – 2, энтеротоксемия - 1.

Жогоруда көрсөтүлгөн пункттарга карантин, чектөөлөр коюлуп, инструкцияга ылайык ветеринардык-санитардык иш чаралар жүргүзүлдү.

Өтө коркунучтуу делген бодо малдардын шарп, кой-эчкилердин күл, кыргын ж.б. ылаңдары катталган жок, республика боюнча эпизоотиялык абал туруктуу сакталды.

2023-жылга эпизоотияга каршы иш-чаралардын планы төмөндөн жогору карай малдын чыныгы башына, эпизоотиялык абалын эске алуу менен план түзүлүп, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары менен макулдашылып, бекитилди. Бекитилген пландын негизинде Веткызмат тарабынан сатып алынган биокаражаттарды муздак чынжырды сактоо менен райондук жана шаардык башкармалыктарына бөлүштүрүлүп, жеткирилип берилген.

**2023-жылдын 6 айлык планын камсыздоо боюнча**

| **Биокаражаттардын аталышы** | **Таратылып берилди** | **Борбордук кампадагы калдыгы** | **Тендер өткөрүлүп, келишимдер түзүлдү** | **2023-ж. 6 айын камсыздалышы (%)** |
|---|---|---|---|---|
| Шарп (миң доза) | 2093,3 | 1412,4 | | 100 |
| Сибирь жарасы (миң доза) | 1182,8 | 3026,2 | | 100 |
| Кутурма (миң доза) | 170,0 | 0 | | 100 |
| Туберкулин ППД (миң доза) | 162,4 | 37,6 | | 100 |
| Туберкулин канаттуу (миң доза) | 16,0 | 0 | | 100 |
| Маллеин (миң доза) | 12,0 | 21,0 | | 100 |
| Чума (миң доза) | 2616,5 | 883,5 | | 100 |
| Оспа (миң доза) | 2738,9 | 1511,1 | | 100 |
| Азинокс (миң таб.) | 0 | 0 | 3 000,0 | |
| Рев-1 (миң доза) | 0 | 0 | 2 000,0 | |
| Хлор (тонна) | 13,8 | 17,6 | 0 | 100 |

Райондук жана шаардык ветеринардык башкармалыктардын башчыларына биокаражаттарды муздаткычта ветеринардык талаптарга ылайык сактоо, сапаттуу жана коромжусуз пайдалануу боюнча тапшырмалар берилип, көзөмөлгө алынган. Бүгүнкү күндө жеринде эпизоотияга каршы иш-чаралар пландык негизде жүрүп жатат.

**Малдардын жугуштуу ылаңдарына каршы алдын ала эмдөө иш чараларанын аткарылышы (2023 жж. 6 ай)**

| Ылаңдын аталышы | 6 айда эмдөөдөн өткөн баш | |
|---|---|---|
| | 2023-ж. | % |
| Бодо малдын шарп ылаңы | 1777,5 | 96 |
| Кой-эчкилердин кыргыны | 2064,2 | 139 |
| Кой-эчкилердин күл ылаңы | 2497,5 | 155 |

ИММ шарп ылаңына 75%дан төмөн аткарган райондор: Нарын, Баткен.

**Сибирь жарасы боюнча**

| Малдын түрү | 6 айда эмдөөдөн өткөн баш | |
|---|---|---|
| | 2023 ж. | % |
| Бодо мал | 636,7 | 111 |
| Кой-эчки | 1577,8 | 104 |
| Жылкы | 113,6 | 107 |

Республика боюнча сибирь жарасынын 564 эски очогу катталып, А/А балансысына өткөрүлүп, жылына айыл чарба малдарына сибирь жарасына каршы алдын ала эмдөөлөр жана жазгы санация иштери жүргүзүлүүдө. Жазгы жана күзгү санация иштери үчүн 13800 кг хлор райондук, шаардык башкармалыктарга таратылып берилди. Жазгы санация иштери толугу менен жүргүзүлдү.

| **Туберкулез ылаңы боюнча** | | |
|---|---|---|
| Малдын түрү | 6 айда изилдөөдөн өткөн баш | |
| | 2023 ж. | % |
| ИММ | 150,4 | 109 |

| | | |
|---|---|---|
| Канаттуулар | 55,6 | 100 |

**Бруцеллез ылаңы боюнча**

2023-жылдын 6 айында бруцеллезго каршы жүргүзүлгөн иш-чаралар.

| Малдын түрү | Изилденди | % | Оң жыйынтык берген баш |
|---|---|---|---|
| ИММ | 278,1 | 106 | 2343 |
| Кой-эчки | 54,7 | 767 | 153 |
| Жылкы | 24,1 | 144 | 11 |

Бруцеллезго лабораториялык изилдөөдө оң жыйынтык берген малдар ветеринардык-санитардык эрежелерди сактоо менен союлууда.

**Жылкылардын кэзңги ылаңы боюнча**

| Жыл | Изилденген малдын саны (мин баш) | (%) | Оң таасир бергени ( баш) | Ылаң катталган кооптуу аймак |
|---|---|---|---|---|
| 2023-ж. 6 ай | 22,9 | 137 | 795 | 14 |

**Кутурма ылаңы боюнча**

| Малдын түрү | Ылаң катталган кооптуу аймак 2023-ж. 6 ай |
|---|---|
| Бодо мал | 7 |
| Жылкы | 2 |
| Эшек | 1 |
| Ит | 7 |

Кутурма ылаңы боюнча эпизоотиялык абал кооптуу. Себеби жапайы жырткыч жаныбарлар жана кемирүүчүлөрдүн санынын өсүшү, кутурма ылаңынын вирусун сактоочу негизги резервуары жана малдарга жугуучу башкы булагы болуп эсептелет.

Бүгүнкү күндө кутурмага каршы 152 505 баш ит эмдөөдөн өткөрүлүп 2023-ж. 6 айына бекитилген план 87% аткарылды. Кутурма ылаңы менен күрөшүү максатында 17 665 баш жолбун ит аттырылды.

Цестодозго каршы 435 928 баш ит дегельминтизациялоодон өткөрүлүп 82% аткарылды. Ошондой эле жеринде айылдык жыйындарда зооноздук ооруларды алдын алуу жана малдардан, ит, мышыктарданн жугуучу оорулар боюнча ветериналар тарабынан калк арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Жогорудагы иш-чараларды өз убагында, сапаттуу аткаруу үчүн жергиликтүү бийликтер менен биргеликте эл арасында түшүндүрүү жана уюштуруу иштери жүргүзүлүп турат.

Бүгүнкү күндө республиканын аймагында эпизоотиялык абал туруктуу.

Балык ылаңдары катталып жана жайылып кетүү коркунучун азайтуу, балыктардын ылаңдарын контролдоо жана көзөмөлдөө жөнүндө стратегиялык планы Веткызматтын 2023-жылдын 11-майндагы №126 буйругу менен бекитилди.

Ошондой эле Веткызматтын 2023-жылдын 11-майында №127 буйругу менен Балык ылаңдарын алдын алуу, диагноз коюу жана ага каршы күрөшүү боюнча көрсөтмөлөр (инструкциялар) бекитилди.

Балыктардын жугуштуу ылаңдарына мониторинг жүргүзүү үчүн республика боюнча балык өстүргөн чарбалар такталып, жазында жана күзүндө мониторинг үчүн үлгүлөрдү алуу боюнча жана изилдөөгө

Ветеринардык дарт аныктоо жана экспертиза борбору менен макулдашылган план бекитилди.

Бекитилген пландын негизинде Ветеринардык дарт аныктоо жана экспертиза борбору тарабынан диагностикумдарды сатып алуулар жүргүзүлүүдө.

Бүткүл дүйнөлүк жаныбарлардын саламаттын сактоо уюмуна (мындан ары ВОЗЖ) мүчөлүк 4479,0 миң сом төлөндү.

*ЕАЭБ менен кызматташуу*

2023 - жылдын 1-жарым жылдыгында ЕЭК менен 32 кеңешме видеоконференция форматында өткөрүлдү, анда ветеринардык-санитардык чаралар, ЕАЭБ жөнүндө келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү, ЕАЭБдин эт жана эт продукциясынын, балык жана балык продукциясынын, канаттуулардын этинин коопсуздугу жөнүндө техникалык регламенттерин сактоо маселелерин талкуулоо, ЕАЭБ менен КЭРдин ортосундагы кызматташтык жөнүндө макулдашуу, шайкештикти баалоо жана аккредитациялоо маселелери ж.б. каралган.

ЕЭКтин Техникалык жөнгө салуу боюнча министри В.В. Назаренконун төрагалыгы астында ЕАЭБге мүчө мамлекеттеринин ветеринария жаатындагы ыйгарым укуктуу органдары жана ЕЭК менен жогорку деңгээлдеги эки кеңешмелер өткөрүлдү. (12 – Апрель, 21-июнь).

2023-жылдын май айында техникалык жөнгө салуу, санитардык, фитосанитардык жана ветеринардык чараларды колдонуу боюнча Консультативдик комитеттин кезектеги отуруму өткөрүлдү. Ошондой эле ЕЭК Коллегиясынын, ЕЭК кеңешинин отурумдары өткөрүлүп, алардын жүрүшүндө ветеринария жаатындагы маселелер талкууланды.

2023-жылдын 10-апрелинен 16-апрелине чейин КР сүт ишканаларын инспекциялоону жүргүзүү үчүн Россельхознадзордун делегациясы келген, КР АЧМ караштуу ЖС отчетунун жыйынтыгы боюнча Россельхознадзордун эксперттери тарабынан текшерилген КРнын сүт ишканалары тарабынан бузууларды четтетүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн.

12-июндан 17-июнга чейин Түркиянын Айыл чарба жана токой чарба министрлигинин адистери Кыргыз Республикасынын ишканаларында кошумча продукцияларды текшерип чыгышты жана түрк тараптан текшерүү боюнча отчет күтүлүүдө.

*KOICA менен кызматташуу*

2023-жылдын 2-кварталында Кореядан келген адистер эт жана эт азыктарына байкоо жүргүзүү боюнча Чүй облусунда экинчи мониторинг жүргүзүштү. Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган продукцияны идентификациялоо жаатындагы мыйзамдарды талкуулоо. Ошондой эле долбоорду ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдуулардын тизмесин түзүү жана бекитүү.

*Эл аралык уюмдар менен кызматташуу*

2023-жылдын 29-апрелинде Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматтын директору А.Жусуповдун төрагалыгы алдында “Ветеринардык кызматы жана аны өнүктүрүүнүн келечеги” деген темада илимий-практикалык конференция болуп өттү.

*Чет мамлекеттер менен кызматташуу*

Агроөнөр жай комплекси чөйрөсүндө шайкеш инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын ортосундагы 2023-2025-жылдарга айыл чарба продукциясын жүгүртүүнү жогорулатуу боюнча «Жол картасын» ишке ашыруу максатында иш-чаралар планынын аткарылышы боюнча ай сайын Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине берилип турду.

Учурда Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик ветеринария комитетинин реестрине Кыргызстандын 36 ишканасы киргизилген.

Сауд өнүктүрүү фондунун "Медициналык борборлорду жана курулуштарды жабдуулар менен камсыз кылуу, ошондой эле карантиндик аймакты жабдуу" долбоорун ишке ашыруу уланууда.

Катар Мамлекетинин эмири шейх Тамим бин Хамад Аль-Танинин Кыргыз Республикасына болгон мамлекеттик сапарынын алкагында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Катар Мамлекетинин Өкмөтүнүн ортосундагы "Ветеринария тармагында кызматташуу жөнүндө" макулдашуунун долбооруна 2023-жылынын 7 июнунда кол коюлду.

Чет мамлекеттер менен өкмөттөр аралык комиссиялардын протоколдорунун иш-чаралар планынын пункттарын өз убагында аткаруу боюнча иш туруктуу негизде жүргүзүлүүдө.

*Кадрдык-уюштуруу иштери*

2023-жылдын 6 айдын ичинде Ветеринардык кызматынын борбордук аппаратында жана аймактык бөлүмдөрүндө ички резервдерине конкурстар жарыяланып, бекитилген тартипте тестирлөө иш-чаралары уюштурулду. Борбордук аппараттын, райондук башкармалыктарынын бош админиистративдик кызмат ордуларына жана чек ара ветеринардык көзөмөлдөө пунктарына ички резервине 3 жолу сынак жарыяланган.

Конкурска жалпы борбордук аппараттын резервине 138 арыз кабыл алынып, тестирлөөдөн 33 адам ийгиликтүү өтүштү жана аңгемелешүүнүн жыйынтыгы менен 32 адам борбордук аппараттын ички резервге киргизилди. 32 конкурсант учурда тестирлөөнү күтүүдө.

Ветеринардык кызматтын 2023-жылга "Ветеринардык кызматтын мамлекеттик кызматчыларынын/кызматчыларынын кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча Планы бекитилип, ар бир кызматкерлердин категорияларына карата окутуу багыттары такталып, анализ жүргүзүлүп чыкты.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-февралы № 20-буйругу менен бекитилген "Санариптик Кыргызстан 2019-2023" санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча "Жол картасынын" негизинде бекитилген милдеттерди аткаруу максатында АМС-"Е-кызмат" программасында кайрадан уюштуруу иш-чаралары алып барылып, кызматкерлердин маалыматтары толук кандуу киргизилди.

Электрондук иш кагаздарын айлантуу системасы менен МС "Е-кызмат" программасын толук кандуу орнотуу жана кызматкерлердин маалыматтарын киргизүү иш-чаралары бөлүмдүн жетекчилиги менен уюштурулду.